МАКУЛДАШЫЛДЫ
Кыргыз Республикасынын
Судьялар кеңешинин
2023-жылдын 29-апрелиндеги
чечими менен

БЕКИТИЛДИ
Кыргыз Республикасынын
Жогорку сотуна караштуу
Сот департаментинин
"11" 05 2023-жылдагы
№ 283 буйругу менен

**Сот тутумунун кызматкерлерине ипотека жолу менен турак – жай берүү үчүн резервдик жана кезектүүлүк тизмесин түзүү жөнүндөгү ЖОБОСУ**

**1. Жалпы жобо**

1. Сот тутумунун кызматкерлерине ипотека жолу менен турак – жай берүү үчүн резервдик жана кезектүүлүк тизмесин түзүү жөнүндөгү Жобосу (мындан ары Жобо) Бишкек шаары, Юдахин көчөсү, 64 дареги боюнча салынып жаткан турак – жайларына ипотека жолу менен берүүдө социалдык жашоо шарттарын жакшыртууга муктаж болгон сот тутумунда эмгектенген кызматкерлерин тандап алуу максатында иштелип чыккан.

2. Бул Жобо сот тутумунда эмгектенген кызматкерлерди резервдик жана кезектүүлүк тизмесине киргизүүнүн шарттары, ошондой эле резервдик жана кезектүүлүк тизмесин түзүү боюнча Комиссиянын (мындан ары Комиссия) жалпы жоболорун жөнгө салат.

3. Комиссиянын курамы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин (мындан ары Сот департаменти) директорунун сунуштамасынын негизинде Кыргыз Республикасынын Судьялар Кеңеши тарабынан бекитилет. Ал жети мүчөдөн турат.

Комиссиянын төрт мүчөсү Кыргыз Республикасынын Жогорку соту (мындан ары Жогорку сот), Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту (мындан ары Конституциялык сот), Бишкек шаардык жана Чүй облустук сотторунан, ал эми үч мүчөсү Сот департаменти тарабынан түзүлөт.

4. Бул Жобонун шарттары Бишкек шаары, Юдахин көчөсү №64 дареги боюнча салынып жаткан турак – жайларына таркатылат жана бул турак – жайларынан батир алууга кийинки сот тутумунун кызматкери катыша алышат:

- Жогорку сотунун;

- Конституциялык сотунун;
- Бишкек шаардык сотунун;
- Чүй облустук сотунун;
-Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун;
- Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун;
- Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун;
- Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун;
- Бишкек шаарынын Административдик сотунун;
-Чүй облусунун Административдик сотунун;
-Чүй облусунун Аламүдүн райондук сотунун;
- Сот департаментинин *(Сот департаментинин курамына – анын борбордук аппаратынын, Бишкек шаарындагы Сот аткаруучулар жана Сот приставдар кызматынын, Сот департаментинин Чүй облустук башкармалыгынын жана Аламүдүн райондук Сот аткаруучулар жана Сот приставдар кызматынын кызматкерлери кирет).*

5. Батирлерди бөлүп берүү ушул Жобонун 4-пунктунда көрсөтүлгөн соттордун жана Сот департаментинин кызматкерлерине квоталык негизде ишке ашырылат.

Квоталык санак кийинки негизде саналат:

- Ушул Жобонун 4-пунктунда көрсөтүлгөн он эки мекеменин (соттор жана Сот департаменти) штаттык бирдиктеринин жалпы санын чыгарып, аны 100 пайыздык өлчөмгө айландырылат. Кайрадан 100 пайыздык өлчөмдүн ичинен он эки мекеменин (соттор жана Сот департаменти) штаттык бирдигине жараша пайыздык өлчөмү чыгарылат;
- андан кийин аныкталган батирлердин жалпы санын 100 пайыздык өлчөмгө айландыруу менен он эки мекемеге (соттор жана Сот департаменти) бөлүнүп берилген пайыздык өлчомгө жараша квотанын саны чыгарылат.

**Кызматкер -** судьялар, Жогорку жана Конституциялык сотторунун аппараттарынын мамлекеттик жарандык кызматты ээлеген, ошондой эле техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдагы кызматкерлер, жергиликтүү сотторунун аппаратынын жана Сот департаментинин тутумундагы мамлекеттик жарандык кызматты ээлеген, ошондой эле техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдагы кызматкерлер.

## 2. Ипотека жолу менен турак –жай алуунун жалпы шарттары

6. Сот тутумунун кызматкерлери ипотека жолу менен турак –жай алууга катышуу үчүн кийинки талаптарга ылайык келүүгө тийиш:

- Кыргыз Республикасынын жараны болууга;
- сот тутумунда жалпысынан 2 жылдан кем эмес иш стажы бар кызматкерлер;

- сот тутумунда туруктуу кызмат орду бар;

- кызматкердин (жубайынын, жолдошунун) жана кызматкердин жашы жете элек балдарынын менчигинде Кыргыз Республикасынын аймагында жеке турак жайынын жоктугу;

- арыз берген күнгө чейинки акыркы 3 жыл ичинде кызматкердин (жубайынын, жолдошунун) жана кызматкердин жашы жете элек балдарынын Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында турак жай менен кандайдыр бир жарандык-укуктук бүтүмдөрдүн болбогондугу.

Сот тутумунда 15 жылдан ашык эмгектенген; сот тутумунда чогу эмгектенген жубайлар; "Баатыр-эне" наамы ыйгарылган энелер, көп балалуу жана кароосунда ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар болгон үй-бүлөлөр жана жашы жете элек балдары бар жалгыз бой ата-эне (камкорчу) болгон кызматкерлер кезектүүлүк тизмесине биринчи кезекте кирүүдө артыкчылыктарга ээ.

7. Комиссиянын кароосуна кийинки документтер тапшырылууга тийиш:

-кызматкердин резервдик тизмесине киргизүү тууралуу арызы;

- кызматкердин паспортунун көчүрмөсү (жубайынын, жолдошунун паспортторунун, балдарынын күбөлүктөрүнүн көчүрмөсү ж.б. документтер);

- кезектүүлүк тизмесине биринчи кезекте кирүүгө артыкчылыктарын тастыктаган документтер;

- иштегендиги тууралуу кадрлар бөлүмүнөн тактама-аныктама (справка-объективка);

- кызматкердин (жубайынын, жолдошунун) жана кызматкердин жашы жете элек балдарынын кыймылсыз мүлктөрү тууралуу ыйгарым укуктуу органдын тактамасы.

8. Ушул Жобонун 6 жана 7-пункттарына жооп бербеген кызматкердин арызы кароосуз калтырылат.

## 3. Комиссиянын ишмердүүлүгүнүн жалпы шарттары

9. Ипотека жолу менен турак – жай алуу үчүн резервдик тизмесине киргизүү тууралуу арыздар Комиссия тарабынан каралат.

Комиссия ушул Жобонун 6 жана 7-пункттарына жооп берген кызматкерлерди резервдик тизмеге киргизүү (бир жылда эки жолу), анын ичинен ар бир соттун төрагасы жана Сот департаментинин директору сунуштаган кызматкерлерди кезектүүлүк тизмесине киргизүү иш-чараларын жүргүзөт.

10. Комиссиянын катчылык функциясы Сот департаментинин Ресурстар башкармалыгынын материалдык-техникалык камсыздоо бөлүмүнө жүктөлөт.

11. Комиссиянын катчысы ипотека жолу менен турак –жай алуу үчүн ушул Жободо көрсөтүлгөн сотторго жана Сот департаментине жазуу жүзүндө кабарлоо, Комиссияда кароо үчүн келип түшкөн арыздарды топтоо жана атайын журналга каттоо иштерин камсыз кылат.

Кызматкерлердин арыздары толугу менен келип түшкөн учурдан тартып бир айдын ичинде каралууга тийиш.

Комиссиянын отурумуна протокол түзүлөт. Протокол Комиссиянын катчысы тарабынан отурум өткөн учурдан тартып үч календардык күндүн ичинде түзүлөт.

Комиссия келип түшкөн арыздарды ушул Жобонун 6 жана 7-пункттарына ылайык карап чыгып, бир добуштан кийинки чечимдерди кабыл алат:

- кызматкерди резервдик тизмесине киргизүү тууралуу;
- резервдик тизмесинен сунушталган кызматкерлерди кезектүүлүк тизмесине киргизүү тууралуу;
- кызматкердин арызын кароосуз калтыруу тууралуу.

12. Ар бир соттун жана Сот департаментинин кызматкерлерине өзүнчө резервдик тизмеси №1 тиркемеге ылайык түзүлөт.

13. Комиссия кызматкерди резервдик жана кезектүүлүк тизмелерине киргизүү тууралуу чечимин кабыл алган учурдан тартып Комиссиянын катчысы 1 жумушчу күндүн ичинде резервдик тизмесин түзөт.

Ипотека жолу менен берилүүгө жаткан батирлердин саны аныкталган күндөн тартып 3 жумушчу күндүн ичинде Комиссия кайрадан резервдик тизмесине киргизилген кызматкерлердин арасынан (ар бир соттун төрагасы жана Сот департаментинин директору сунуштаган кызматкерлерден) батирлердин санына жараша кезектүүлүк тизмесин №2 тиркемесине ылайык түзөт.

Резервдик жана кезектүүлүк тизмеси Сот департаментинин директорунун буйругу менен бекитилүүгө жатат.

Кезектүүлүк тизмесин түзүүдө тиешелүү соттун кызматкерлеринин берилген саны квотанын санына жетпей калса, резервдик тизмедеги башка соттун кызматкерлерин кошууга жол берилет.

## 4. Корутунду бөлүгү

14. Кабыл алынган жолу менен бул Жобого өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн.

15. Бул Жобо убактылуу мүнөзгө ээ. Бишкек шаары, Юдахин көчөсү № 64 дареги боюнча салынып жаткан турак –жайлары толугу менен ипотека жолу менен сот тутумунун кызматкерлери жайгаштырылганга чейин.

*№1 тиркемеси*

**БЕКИТИЛДИ**
Кыргыз Республикасынын
Жогорку сотуна караштуу
Сот департаментинин
2023-жылдын ____-____
№ ____ сандуу буйругу менен

**Резервдик тизме**

| № | Ф.А.А. | Кызмат орду | Сот тутумунда иш стажы | Кезектүүлүк тизмесине биринчи кезекте киргизүүгө жаткандыгы тууралуу белги (негизин көрсөтүү керек) |
|---|---|---|---|---|
| | | **Жогорку соту** | | |
| 1 | | | | |
| 2 | | | | |
| 3 | | | | |
| 4 | | | | |
| | | **Конституциялык соту** | | |
| 1 | | | | |
| 2 | | | | |
| 3 | | | | |
| 4 | | | | |
| | | **Бишкек шаардык соту** | | |
| 1 | | | | |
| 2 | | | | |
| 3 | | | | |
| 4 | | | | |
| | | **Сот департаменти** | | |
| 1 | | | | |
| 2 | | | | |
| 3 | | | | |
| 4 | | | | |

**Эскертүү:**
Ар бир соттун жана Сот департаментинин резервдик тизмеси өзүнчө түзүлөт.

*№2 тиркемеси*

**БЕКИТИЛДИ**
Кыргыз Республикасынын
Жогорку сотуна караштуу
Сот департаментинин
2023-жылдын ____-____
№ ____ сандуу буйругу менен

**Кезектүүлүк тизме**

| № | Ф.А.А. | Кызмат орду |
|---|---|---|
| | **Жогорку соту** | |
| 1 | | |
| | **Конституциялык соту** | |
| 2 | | |
| | **Бишкек шаардык соту** | |
| 3 | | |
| | **Чүй облустук соту** | |
| 4 | | |
| | **Биринчи май райондук соту** | |
| 5 | | |
| | **Свердлов райондук соту** | |
| 6 | | |
| | **Октябрь райондук соту** | |
| 7 | | |
| | **Ленин райондук соту** | |
| 8 | | |
| | **Бишкек шаарынын Административдик соту** | |
| 9 | | |
| | **Чүй облусунун Административдик соту** | |
| 10 | | |
| | **Чүй облусунун Аламүдүн райондук соту** | |
| 11 | | |
| | **Сот департаменти** | |
| 12 | | |
| 13 | | |
| | **Чүй облусунун Аламүдүн райондук соту** | |
| 14 | | |
| | **Чүй облусунун Административдик соту** | |
| 15 | | |
| | **Бишкек шаарынын Административдик соту** | |
| 16 | | |
| | **Ленин райондук соту** | |
| 17 | | |
| | **Октябрь райондук соту** | |
| 18 | | |
| | **Свердлов райондук соту** | |
| 19 | | |

| | | |
|---|---|---|
| **Биринчи май райондук соту** | | |
| 20 | | |
| **Чүй облустук соту** | | |
| 21 | | |
| **Бишкек шаардык соту** | | |
| 22 | | |
| **Конституциялык соту** | | |
| 23 | | |
| **Жогорку соту** | | |
| 24 | | |